Омуров Нурлан Кубатовичтин «**Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)**» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий жетекчисинин

# ПИКИРИ

Омуров Нурлан Кубатович С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде окутуучу болуп эмгектенип баштаган. Мугалимдик кесип менен катар ал билим берүүнү башкаруу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүктөрүн аккредитациялоо проблемалары менен дагы алкектенип келди. Бул багытта ал республикалык жана эл аралык илимий семинарларга катышып, бир канча семинар-тренингдерди уюштуруп келди. Бул багыт боюнча ал кийин илимий тема түзүп, илимий изилдөөсүн улантты.

Илимий теманы иштеп чыгууда жана ишке ашырууда Н.К. Омуров илимий адабияттарга анализ жүргүзүп, билим берүүнүн сапатын башкаруу проблемасынын изилдениш абалын, окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун жолдорун иликтеп чыкты. Бул боюнча республикалык жана чет элдик жогорку окуу жайларында топтолгон тажрыйбаларды иликтеди. Бул жагдайда ал диссертацияларды, монографияларды талдоого алып, өз илимий көз карашын топтой алды. Изилдөөнүн натыйжасы менен ал окутуунун натыйжасын түзүп чыгуунун жолдорун аныктап, ал аркылуу билим берүүнүн сапатын арттыруунун моделин иштеп чыкты. Моделдин эффективдүүлүгүн ал эксперимент аркылуу апробациялап, анын эффективдүүлүгүн аныктады.

Н.К. Омуров диссертациялык изилдөөсүнөн алынган натыйжалар тууралуу Кыргызстандын илимий журналдарында макалаларын жарыялады. Анын диссертациялык изилдөөсүндө коюлган максат жана милдеттер толугу менен аткарылды, алынган теориялык жоболору, методикалык сунуштары эксперименталдык иликтөөлөр аркылуу такталып, эффективдүүлүгү аныкталды.

Н.К.Омуровдун «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык

комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет жана изденүүчүгө 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгаруу үчүн диссертациялык кеңеште коргоого сунуштоого болот.

**Илимий жетекчи,**
**п.и.д., профессор, Ала-Тоо эл аралык**
**университетинин илимий иштер**
**боюнча проректору** **С.Калдыбаев**